КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЖАЙЫЛ РАЙОНУ

ЫНТЫМАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЫНТЫМАК
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН

ЫНТЫМАКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

22.04.2024 № 4 с. Полтавка а.

“Чүй облусунун Жайыл районунун Ынтымак айыл аймагынын Ынтымак айылдык кеңеши” мекемесин түзүү жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29 декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 “Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү жөнүндө” Жарлыгын, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Ынтымак айылдык кеңеши.

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Чүй облусунун, Жайыл районунун, Полтавка айыл аймагынын “Полтавка айылдык кеңеши” жана Чүй облусунун Жайыл районунун Кызыл-Дыйкан айыл аймагынын “Кызыл-Дыйкан айылдык кеңешин” бириктирүү жолу менен “Ынтымак айыл аймагынын Ынтымак айылдык кеңеши” мекеси түзүлсүн.
Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы.

Айылдык кеңештин расмий аталышы:

-мамлекеттик тилде – Чүй облусунун Жайыл районунун Ынтымак айыл аймагынын “Ынтымак айылдык кеңеши” мекемеси;

-расмий тилде Учреждение “Айылный кенеш Ынтымак” Ынтымакского айылного аймака Жайылского района Чуйской области.
Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Жайыл району, Полтавка айылы, Цетральная көчөсү №33 а-1.

2. “Ынтымак айылдык кеңеши” мекемесинин Жобосу бекитилсин.

3. “Ынтымак айылдык кеңеши” мекемесинин юридикалык дареги, Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Жайыл району Полтавка айылы, Центральная көчөсү №33 а-1 болуп аныкталсын.

4. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Ынтымак айылдык
кеңешинин төрагасы К. З. Асанов